**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН**
**УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ**

**Б. ЖАМГЫРЧИНОВ АТЫНДАГЫ ТАРЫХ,**
**АРХЕОЛОГИЯ ЖАНА ЭТНОЛОГИЯ ИНСТИТУТУ**

**Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ**
**КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

Д 07.21.628 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ

Кол жазма укугунда
УДК: 39:572(575.2) (043.3)

**КУТТУБЕКОВА ВЕНЕРА МАМБЕТАЛИЕВНА**

# КЫРГЫЗСТАНДЫН ТҮНДҮК ЖАНА ТҮНДҮК-БАТЫШ АЙМАКТАРЫНДА ЖАШАГАН КЫРГЫЗ ҮЙ-БҮЛӨЛӨРҮНҮН СОВЕТ ДООРУНДАГЫ ТАМАК-АШ МАДАНИЯТЫ (ЭТНОГРАФИЯЛЫК ЖАНА ЭТНОСОЦИОЛОГИЯЛЫК МАТЕРИАЛДАРДЫН НЕГИЗИНДЕ)

07.00.07 - этнография, этнология жана антропология
тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

АВТОРЕФЕРАТЫ

**БИШКЕК - 2021**

Диссертация И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Философия жана социалдык илимдер» кафедрасында аткарылган.

| | |
|---|---|
| **Илимий жетекчиси:** | **Өмүрбеков Черикбай Казыгулович** тарых илимдеринин кандидаты, доцент |
| **Расмий оппоненттер:** | **Джоошбекова Айнагүл Рысбаевна**, тарых илимдеринин доктору, доцент, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Тарых жана этнология кафедрасынын башчысы |
| | **Эралиев Салайдин Нуралиевич**, тарых илимдеринин кандидаты, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Археология, этнология, тарыхый булак таануу жана тарыхнаама кафедрасынын доценти |
| **Жетектөөчү мекеме:** | Борбордук Азиядагы Америка университетинин антропология, технология жана эл аралык өнүгүү программасы, дареги: Бишкек ш., А.Токомбаев көчөсү, 7/6 |

Диссертация 2021-жылдын 24-ноябрында саат 14.00дө Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов атындагы Тарых, археология жана этнология институту жана Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу тарых илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча Д 07.21.628 диссертациялык кеңешинин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек шаары, Чүй проспек., 265а.

Диссертация менен Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын Борбордук илимий китепканасынан (720071, Бишкек ш, Чүй просп., 265 а.), Ж.Баласагын атындагы кыргыз улуттук университетинин (720033, Бишкек ш., Фрунзе көчөсү, 547) китепканасынан жана ДКтен: www.csnaskr.jet.kg. сайтынан таанышууга болот.

Автореферат 2021-жылдын 24-октябрында таратылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,
т.и.к., ага илимий кызматкер — А.З. Жапаров

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык теманын актуалдуулугу.** Материалдык маданияттын олуттуу жана маңыздуу биримдиктеринин бири тамак-аш болуп саналат.

Кыргыз этнографтары жана маданият таануучулары тарабынан элибиздин совет мезгилиндеги тамак-ашына тиешелүү бир нече актуалдуу маселелер көтөрүлүп, изилдөөгө алынып келе жаткандыгына карабастан, азыркы мезгилге чейин Кыргызстандын Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-ашынын өнүгүүсү атайын этнографиялык жана этносоциологиялык багытта өз алдынча илимий иликтөөгө алынган эмес. Аталган аймактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн кээ бир тамак-ашынын түрлөрү жана тамак ичүүнүн эрежелери жалпы кыргыз элинин совет мезгилиндеги материалдык маданиятынын өнүгүүсүнүн алкагында толук эмес, чачкындуу түрүндө каралган.

Сунушталган изилдөөдө совет мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшү даректүү этнографиялык баяндамалардын жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде илимий айлампага алынды.

Совет доорундагы Чүй жана Талас аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-ашынын мындай тармагындагы салттык жана аймактык эрежелерди, жаңылануу өзгөчөлүктөрүн жана алардын аралашма түрлөрүн азыркы мезгилде илимий жактан изилдеп чыгуу теориялык жана практикалык кызыгууну туудуруп, анын жыйынтыктары этнография жана этносоциология илимдери үчүн өтө пайдалуу.

**Диссертациянын темасынын илимий программалар жана негизги илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертация И. Раззаков атындагы Кыргыз мамлекеттик техникалык университетинин «Философия жана социалдык илимдер» кафедрасында демилгелүү иш катары иш жүзүнө ашырылды.

**Иштин максаты** совет мезгилиндеги Кыргызстандын Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүн, өзгөрүшүн изилдөө.

Изилдөөдө коюлган максатка жетүү үчүн төмөнкү **милдеттер** коюлду:

1.Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилинде тамак-аш маданиятына экологиялык, чарбалык, маданий, социалдык кайра жаңыланууларынын, аймактарда жашаган кыргыздардын жана түрдүү калктардын бириктирүү багытындагы жакындашуу жүрүмдөрүнүн, шаар менен болгон байланыштын тийгизген таасирлерин аныктоо;

2. изилденген аймактарда дыйканчылыктын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, багбанчылыктын тамак-аш азыктарына тийгизген таасирин тастыктоо;

3. совет мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамактануу тартиптерин жана тамак-аш маданиятын ачып берүү;

4. кыргыз үй-бүлөсүнүн тамактануусунун түрлөрүн (*үй-бүлөлүк тамактануу, коомдук тамактануу*) жана алардын Чүй жана Талас аймактарындагы салыштырма түрлөрүн тастыктоо;

5. изилденген аймактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүш, өзгөрүш багыттарын далилдөө.

Изилдөөнүн мезгилдик алкагы Чүй жана Талас өрөөндөрүндө совет бийлиги орногон мезгилден СССР расмий түрдө кулаган мезгилге чейинки мөөнөттү өз кучагына камтыйт.

Изилдөөнүн географиялык аймагы Кыргызстандын (түндүгүндөгү) Чүй жана (түндүк-батышындагы) Талас өрөөндөрүнүн кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты менен чектелет.

**Алынган жыйынтыктардын жаңычылдыгы:**

- кыргыз үй-бүлөлөрүнүн өздүк чарбадагы кайра жаңылануусу, алардын коомдук чарбада башка элдердин өкүлдөрү менен чогуу иштеши, кыштактагы коомдук чарбачылыкта жаңы түрлөрдүн – сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, жаңы аталыштагы жашылчалардын, өсүмдүктөрдүн тарай башташы;

- XX кылымдын 20–40-жылдарында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн салттуу тамак-ашынын өзгөрүшүнө кошуна же чогуу бир кыштакта жашаган башка этностордун тамак-ашынын же азык-заттарынын таасири төмөнкү деңгээлде болгон;

- 1950–1960-жылдарында чарбалык, социалдык, маданий өзгөрүүлөрдүн негизинде кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-ашында аймактык өзгөчөлүктөр жоюла баштап, жалпы кыргыз элине мүнөздүү тамактын мазмуундук белгилери жана аталыштары тарай баштаган;

- кыргыздардын күнүмдүк тамактануусундагы эртең мененки тамак-ашында сүт жана сүт азыктарынан даярдалган тамак-аштар, түшкү тамактануусунда - жашылча, жемиш жана багбанчылыктан алынган азык-түлүктөр, ал эми кечки тамактануусунда - эт жана дан азыктарынан даярдалган ысык тамактар колдонулган;

- каралган мезгилде коомдук тамактануу кыргыз үй-бүлөлөрүнүн күнүмдүк жашоо-турмушунун бир көрүнүшү катары калыптанган.

**Алынган жыйынтыктардын практикалык жана теориялык мааниси.** Диссертациялык эмгекте чагылдырылган этнографиялык жана этносоциологиялык баяндамалар этнография, этносоциология жана маданият таануу тармак-

тарындагы изилдөөлөрдө, «Мекен таануу», «Ата Мекендин тарыхы», «Адеп», «Кыргыз элинин маданияты», «Кыргыз таануу», «Кыргыз этнографиясы» сабактарын өтүүдө окуу материалы катары пайдаланылса болот.

Диссертациянын жыйынтыктары жана сунуштары теориялык багытта жаңы ой-пикирлердин, идеялардын пайда болушуна түрткү берип, этнографиялык жана этносоциологиялык комплекстүү фундаменталдык изилдөөнүн пайда болушуна тарыхнаамалык материал жана даректүү булак катары кызмат кылат.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

- кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятынын, тамактануу жөрөлгөлөрүнүн өнүгүшүнө чарбалык, социалдык, маданий жана улут аралык байланыштар чоң таасирин тийгизген. Аталган факторлордун негизинде 1950-жылдардын ортосунда кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-ашында социалдык мааниге ээ болгон айырмачылыктар жоюлуунун баскычына түшүп, 1920-1940-жылдардагы оокаттуу бай адамдар күнүмдүк тамак-ашында колдонушкан тамактар кыштак жерлеринде жашаган дыйкандардын басымдуу бөлүгүнө тиешелүү болгон;

- совет коомунда мурунку мезгилдерге салыштырмалуу жаңы тамак-аш маданияты калыптанды. Мындай тамак-аштын курамына физиологиялык жана биологиялык тарабынан адамдардын ден соолугуна витаминдик жагынан жогорку калорияга ээ болгон жаңы тамак азыктарынын, тамак-аштарынын түрлөрү, тамак-ашты кабыл алуунун жаңы эрежелери жана тамак-ашты ден соолукка зыян келтирбеген өлчөмдө колдонуунун тартиптери өкүм сүрө баштады;

- Чүй жана Талас аймактарында жашашкан түрдүү улуттардын өз ара тыкыз байланышынын негизинде, аталган өрөөндөрдө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш курамы жана тамактануу жүрүмү өзгөрдү;

- совет мезгилинде чүйлүк жана таластык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш курамында кээ бир салттуу өзгөчөлүктөр сакталуу менен алардын тамактануу маданиятында аймактык өзгөчөлүктөр жоюла баштап, жалпы кыргыз элине тиешелүү көрүнүштөр калыптанды;

- кыргыз үй-бүлөлөрүнүн күнүмдүк тамактануусунда сүт, эт, дан азыктары басымдуулук кылса да, жашылча, жемиш өсүмдүктөрү кошумча азык катары кеңири колдонула баштады;

- мурунку салттуу коомдук тамактануудан тышкары жаңы салттарга байланыштуу тамактануунун жаңы түрлөрү - аскерге узатуу, аскерден аман-эсен кайтып келгендеги, жеке инсандын социалдык өсүүсүндөгү ар кандай жетишкендиктерге байланыштуу тамактануу - сыйлык, жогорку окуу жайына өткөндөгү жана аны ийгиликтүү аяктагандан кийинки диплом алуу түлөөсү, расмий салтанаттуу юбилейлик маарекелерди (*25 жаштык той, 50 жаштык*

*той, 60 жаштык той, 25 жылдык үйлөнүү тою, 50 жылдык үйлөнүү тою*), коомдук-чарбалык иш чараларды турмушка ашырууда (*жаз мезгилинде сакманга байланышкан иштерди турмушка ашырууда, дыйканчылыкка байланышкан дан эгиндерин, жашылчыларды жана башка өсүмдүктөрдү өстүрүүдөгү жана түшүмдөрүн жыйноодогу талаа станында ичилген коомдук тамактар*), өкмөт тарабынан расмий (*официалдуу*) түрдө белгиленген балыктан жасалган тамактарды (*балык күнү*) ичүүдө, жаштардын үйлөнгөндө өткөрүлгөн комсомолдук тойлорунда (*комсомольская свадьба*) ж.б. пайда болду. Мындай коомдук тамактанууларда жалпы кыргыздарга тиешелүү жаңы тамактардын курамы жана тамак-ашты сунуш кылуунун жаңы эрежелери калыптанды.

**Изденүүчүнүн жекече салымы.** Диссертация өз алдынча аткарылган илимий изилдөө болуп саналат. Анын жыйынтыктары, илимий жаңычылдыктары жана жоболору автор тарабынан өз алдынча иштелип жетишилген. Классикалык этнографиялык изилдөөлөргө кошумча курамына 100 суроо кирген этносоциологиялык сурамжылоонун суроолору аркылуу кыргыз этносоциология илиминде изилдениле элек баалуу эмпирикалык материалдарга, баяндамаларга талдоо жүрүзүлгөн. Бүгүнкү күнгө чейин кыргыз этнографиясында жана этносоциологиясында Чүй жана Талас өрөөндөрүндө совет мезгилинде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты атайын изилденген эмес. Жазылган диссертация кыргыз этнографиясында Чүй жана Талас өрөөндөрүндө совет мезгилинде жашашкан кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына жана тамактануу мезгилине арналган эң алгачкы этнографиялык жана этносоциологиялык илимий изилдөө болуп саналат.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы.** Диссертациянын негизги жоболору, идеялары жана жыйынтыктары өлкөдөгү жана чет өлкөлөрдөгү өткөн республикалык жана эл аралык илимий конференцияларда, окууларда, тегерек столдордо жана башка илимий форумдарда доклад катары окулду.

**Изилдөөнүн жыйынтыктарынын жарыяланышы.** Илимий иштин негизги маселелери жана жыйынтыктары Улуттук аттестациялык комиссия тарабынан сунуш кылынган республикалык илимий басылмаларда он бир илимий макала жана чет элдик илимий журналдарда беш илимий макала жарыяланган.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Илимий изилдөө иши кириш сөзүнөн, төрт баптан, он бир параграфтан, корутундудан, курамына илимий монографиялардын, макалалардын, газета, журналга жарыяланган популярдык баяндамалардын, авторефераттардын, автордун талаа материалдарынын тизмеси кирген колдонулган адабияттардан, кыскартуулардан, курамына этносоциологиялык сурамжылоонун суроолору, тамак-аштардын жергиликтүү терминдеги аталыштардын сөздүгү, этнографиялык талаа экспедициялар мезгилинде ин-

тервью алынган жергиликтүү өкүлдөрдүн аты-жөндөрү, туулган жылдары, уруулары көрсөтүлгөн информаторлордун тизмеси кирген тиркемелерден турат.

**Диссертациянын негизги мазмуну** киришүү теманын актуалдуулугу, илимий иштин негизги максаты жана милдеттери, мезгилдик алкагы, географиялык аймагы, теманын илимий программалар, изилдөө мекемелери аткарып жаткан иштери менен байланышы, диссертациянын илимий жаңычылдыгы, теориялык, практикалык мааниси, коргоого алынып чыгуучу негизги жоболор, изилдөөчүнүн жеке салымы, сунуш кылынган теманын натыйжаларынын жарык көрүшү жана диссертациянын түзүлүшү чагылдырылган.

Изилдөөнүн биринчи бабы **"Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданиятын изилдөөнүн тарыхнаамасы"** деп аталып үч бөлүмгө бөлүндү – *"Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты 1917-1950-жылдарда жарыкка чыккан тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрдө", "Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты 1951-1990-жылдарда жарыкка чыккан тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрдө", "Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты Кыргыз Республикасы эгемендүүлүктү алган жылдардын ичинде (1991-2020) жарыкка чыккан тарыхый-этнографиялык изилдөөлөрдө"*.

**Диссертациялык теманын изилденүү деңгээли (*тарыхнаамалык обзор*).** Жарыкка чыккан тарыхый жана этнографиялык илимий изилдөөлөрдү илимий айлампага алуудан мурун белгилеп кетүүчү жагдай – азыркы мезгилге чейин кыргыз этнографиясында жана этносоциологиясында Чүй жана Талас өрөөндөрүндө совет мезгилинде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде атайын изилденген эмес. Бирок, этнография жана этносоциология багыттары боюнча изилдөөчүлөрдүн илимий эмгектеринде аталган өрөөндөрдө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш азыктарынын курамында жергиликтүү салттык тамак-аштар жана аларга керектелүүчү азыктардын түрлөрү, күнүмдүк тиричиликте колдонулган тамак-аш азыктарынын аттары, калк аралык жакындашуулардын, аралашуулардын жана коомдук тамак-аш ишканаларында жасалган кээ бир тамак-аштар тууралуу бүтүн эмес, чөлкөмдүк же жалпылаштырылган маанидеги маалыматтар чагылдырылган.

Жогоруда аталган бөлүмдөрдө тарыхнаамалык талдоого алынган илимий чыгармалар сунушталган диссертациянын максаттарына жана милдеттерине ылайык жалпылык түрүндө үч топко ажыратылды - этнографиялык, этносоциологиялык; маданий, тарыхый, философиялык, филологиялык, экономикалык, социалдык жана кыштак жерлеринде жашаган кыргыздардын совет мезгилинде тамак-аш маданиятында сакталган тамактардын түрлөрү жазылган та-

мак-аш технологиялык изилдөөлөр. Акыркы эки топко тиешелүү изилдөөлөрдө кыштак жерлеринде жашаган кыргыздардын тамак-аш маданияты илимий талдоого алынбастан, совет мезгилинин 70 жылдан ашык мөөнөтүнүн ичинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн айыл чарбасында, кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн арасында кандай маанидеги жана түрдөгү чарбалык, социалдык, маданий, экономикалык өзгөрүүлөрдүн болгондугу илимий талдоого алынган. Мындай багытта жазылган илимий чыгармаларды тарыхнаамалык талдоого алууга туура келди. Себеби, аларда жазылган маалыматтар биздин изилдөөбүздө кошумча булак катары колдонулду.

*Биринчи бөлүмдө* өткөн кылымдын 1920-1950-жылдарынын аралыгында жарыкка чыккан илимий изилдөөлөр, жогорудагыдай классификациялык топтордун негизинде талдоого алынды.

Этнографиялык багытта 1920-жылдарынын ортосунан тартып Чүй, Талас, Нарын, Ысык-Көл жана Фергана өрөөнүнүн чыгыш бөлүгүндөгү кыргыз кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги салттуу материалдык маданиятына арналган Ф.А. Фиельструптун алгачкы илимий баяндамалары жарыкка чыккандыгы көргөзүлүп, аларда кыргыздардын күнүмдүк тамак-ашына тиешелүү аймактык, бүтүн эмес үзүндү өзгөчөлүктөрү чагылдырылган.

Ал эми С.М. Абрамзондун ушул мезгилдин алкагында жарыкка чыгарган изилдөөлөрүндө [Очерк культуры киргизского народа. - Фрунзе, 1946] Чүй, Ысык-Көл, Теңир-Тоо, Талас аймактарында жашаган кыргыздардын салттуу материалдык маданиятына өзгөчө көңүл бурулуп, анын ичинде тамак-аштын жана аларга колдонулган азыктардын аймактык өзгөчөлүктөрүнүн кээ бир түрлөрү талдоого алынган.

XX кылымдын 20-жылдарынын экинчи жарымынан тартып кыргыз элинин социалдык, экономикалык, саясий, тарыхый жана социалисттик турмушунун өзгөрүшүнө багытталган жаңы методологиялык илимий басылмалар И.А. Фатьяновдун, М.Г.Сахаровдун, П. Погорельский жана В.Батраковдун, Т.Рыскуловдун, И. Мишиндин, В.И. Буров-Петровдун, П.И.Кушнердин (*Кнышевдин*) эмгектеринде жарык көрө баштаган.

*Экинчи бөлүмдө* С.М. Абрамзондун [Отражение процесса сближения наций на семейно-бытовом укладе народов Средней Азии и Казахстана // СЭ. - 1962. - №3, Киргизы // Народы Средней Азии и Казахстана. - М., 1963. -Т.II (из серии «Народы мира»), Киргизы и их этногенетические и историко-культурные связи. - Л.,1971, Влияние перехода к оседлому образа жизни на преобразования социального строя, семейно-бытового уклада и культуры прежних кочевников и полукочевников (на примере казахов и киргизов) // ТИЭ АН СССР. - Новая серия. - Т.98. - Л.,1973], А.С. Бежковичтин [Историко-этнографические особенности киргизского земледелия // ТИЭ АН СССР. - Новая серия. - Т. 98. -

Л.,1973], М.Т. Айтбаевдин [Пища киргизов XIX и начала XX веков // ИАН КиргССР. - Серия общественных наук. - 1963. - T.V. - Вып.I], А. Джумагуловдун [Семья и брак у киргизов Чуйской долины. - Фрунзе, 1960] жана башка авторлордун тамак ашка байланыштуу маселелерге кайрылгандыгы белгиленип, тарыхнаамалык талдоо жасалды. Алардын катарына К.И. Антипина, К.Мамбеталиева жана А.Джумагуловдун, Л.А.Фирштейндин жана бир нече илимий адистер тарабынан чогуу даярдалган этнографиялык эмгектер да кирет.

Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты XX кылымдын 80-жылдарында Ч.К. Өмүрбеков тарабынан ар тараптуу иликтенип, анда мазмундук жана теоретикалык жагынан бир топ ийгиликтер жаралган [Роль социально-культурных факторов в развитии пищевого рациона киргизов // Взаимосвязь социальных и этнических факторов в современной и традиционной культуре. - М., 1983; Трансформация традиционной пищи киргизов в советское время // Материалы VIII Межреспубликанской научной конференции молодых ученых. - Фрунзе, 1986; Особенности материальной культуры киргизов до массовой коллективизации сельского хозяйства (1917 – середина 1930-х гг.) // Великий Октябрь и некоторые вопросы исторической науки. - Фрунзе, 1987; Современная материальная культура киргизов: этнографическое исследование (1920-1980 гг.): автореф. дисс. на соиск. ученой степ. к.и.н. - М., 1990].

*Үчүнчү бөлүмдө* XX кылымдын 90-жылдардан бүгүнкү күнгө чейин жарыкка чыккан эмгектерге обзор берилди. Аларда салттуу тамак-аш, тамактануу системасындагы өзгөрүүлөр, рационго таасир берген факторлор, аймактык өзгөчөлүктөр, тамактануу маданияты, типтерге бөлүү сыктуу дагы бир катар практикалык жана теориялык маселелер этнографиялык жана башка булактардын негизинде иликтөөгө алынган [Омурбеков, Ч.К. Трапезы в системе питания у кыргызов (теоретический аспект) // Обычаи, традиции и обряды народов Востока. - Вып.1. - Фрунзе, 1999; Кочкунов, А.С. Система питания кыргызов (опыт этнологического анализа соотношений традиций и инноваций) // Manas universiteti. Sosyal-bilimlerdergisi. - 2003. - №8; Кайыпов, С.Т. Памир кыргыздарынын сүттөн жана эттен жасалган тамак-аштары. -Б., 2011; Памир кыргыздарынын тамактануу системасы: ритуал жана турмуш, салттулук жана жаңылануу. Этнографиялык изилдөө. -Б., 2011; Молдокулова, Д.Т. Кыргыздардын салттык тамактануу этикети (Талас аймагынан чогултулган этнографиялык маалыматтардын негизинде) // И.Арабаев атындагы КМПУнун илимий журналы. -2004. - Чыг.1; Айтбаев, Т.А. Кыргыздардагы кой союунун жана эт бышыруунун салттуу ыкмасы // ОшМУнун Жарчысы. - 2016. - №3. -1- чыг. ж.б.].

XX кылымдын акыркы чейрегинен бүгүнкү күнгө чейин тамак-ашты даярдоодогу технологиялык багытта бир нече басылмалар жарыкка чыккан. Алардын курамына Т. Бөрүбаевдин, К. Акматованын, Ж. Тилекееванын, Н.А.

Кыдыралиеванын, А.У. Дейдиевдин жана С.Ш. Ибрагимованын чыгармалары кирет.

**“Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданиятын изилдөөнүн объектиси, предмети, булактары жана ыкмалары (*методдору*)”** деп аталган экинчи бап үч бөлүмгө бөлүнгөн.

Биринчи *бөлүм “Изилдөөнүн объектиси жана предмети”* деп аталып, *изилдөөнүн объектиси* катары Кыргызстандын Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятынын өнүгүшү кабыл алынды. Себеби, аталган өрөөндөрдө Кыргызстандын башка аймактарына караганда шаар тибиндеги эл жашоочу пункттары, өнөр жай комплекстери көбүрөөк жайгашып, улуттук курамы көп түрдүү болуп, калк аралык жүрүмдөрдүн негизинде кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө ыңгайлуу жана өзгөчөлөнгөн шарттар түзүлгөн.

Изилдөөнүн *этносоциологиялык* ***объектиси*** катары Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн тоолуу (*Кароол-Дөбө, Көк-Сай*), бөксө тоолуу (*Бейшеке, Бакайыр*) жана түздүктүү (*Жаңы-Алыш, Суулу-Маймак*) кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты тандалып алынды. Этносоциологиялык обьектини тандоодо төмөндөгүдөй белгилер негизги орунду ээледи – изилденген кыштактардын уюшулган жылы, шаар түрүндөгү эл жашоочу жайлардан, шаарлардан алыстыгы, кыштактардын улуттук курамы, деңиз деңгээлинен канчалык бийиктикте жайгашышы, кыштактарда жашагандардын өздүк чарбачылыктарындагы өзгөчөлүктөрү.

Изилдөө ишинин ***предметин*** Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданияты түздү.

Этнография илиминде “тамак-аш маданияты” кенен түшүнүк катары колдонулат. Тамак-аш маданияты – курамына эт, сүт, дан, жашылча, жемиш жана башка азыктардан даярдалган, адамдын биологиялык жана анатомиялык талаптарын канаттандырган азык заттары катары кабыл алынган. Бирок, анын функционалдык, конструктивдик жана структуралык түзүлүшүндө азыктардын курамына чийки азыктар жана алардын түрлөрү, бышкан тамакты даярдоо жана даярдоонун ыкмалары, коюу тамактар, суюк тамактар, ботко түрүндөгү тамактар, суусундуктар, жер-жемиш салаттар жана алардын түрлөрү, тамактануу үлгүсү, күнүмдүк тамактар, майрамдык тамактар, ырым-жырым тамактары, тамактануу адеби жана башкалар байкалган.

Бөлүмдө тамак-аш маданияты, тамак-аш системасы, тамак, аш, азык, азыктүлүк, тамак-аш үлгүсү, тамактануу эрежеси, тамактануу мезгили, тамактануунун түрлөрү жана башка этнографиялык түшүнүктөр талдоого алынды.

Экинчи *бөлүм "Изилдөөнүн булактары"* деп аталып, ал эки бөлүмгө бөлүнгөн: *"Изилдөөнүн этнография тармагындагы булагы"* жана *"Изилдөөнүн этносоциологиялык булагы"*.

Диссертацияны жазууда *этнографиялык булак* катары автордун Чүй облусунун Аламүдүн, Ысык-Ата, Чүй, Кемин, Сокулук, Жайыл, Панфилов, райондорунун 21 кыштагында, Талас облусунун Талас, Бакай-Ата, Кара-Буура, Манас райондорунун 9 эл жашаган пункттарында 2003-жылдан бери кыргыз үй-бүлөлөрүнүн арасында чогултулган талаа этнографиялык материалдары [Автордун талаа дептери.-Т.1.-2003; АТД.-Т.2.-2004; АТД.-Т.3.-2005; АТД.-Т.4.-2006; АТД.-Т.5.-2007; АТД.-Т.6.-2008; АТД.-Т.7.-2009; АТД.-Т.8.-2010; АТД.-Т.9.-2011; АТД.-Т.10.-2012; АТД.-Т.11.-2014; АТД.-Т.12.-2014] колдонулду.

Талаа этнографиялык маалыматтары автор тарабынан курамына 150 суроо кирген "Талаа этнографиялык маалыматтарын чогултуу" программасынын негизинде жүргүзүлдү.

Изилдөөнүн *этносоциологиялык булагын* 2013-2014-жылдары көлөмү 100 суроодон турган сурамжылоо китепчеси (*китепченин суроолору сунушталган диссертациянын Тиркемесинде берилди*) аркылуу Кемин районунун үч Айыл өкмөтүндө (*Көк-Ойрок айыл өкмөтү, Кара-Булак айыл өкмөтү, Жаңы-Алыш айыл өкмөтү*); Кара-Буура районунун үч Айыл өкмөтүндө (*Кайнар айыл өкмөтү, Бакайыр айыл өкмөтү, Суулу-Маймак айыл өкмөтү*) топтолгон этносоциологиялык материалдар түздү.

Сурамжылоонун жыйынтыктары К. Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинин «Социология» кафедрасынын этносоциологиялык лабораториясында иштетилип чыкты. Мындан сырткары тарыхый, философиялык, филологиялык, социалдык, экономикалык, демографиялык, статистикалык багытта жазылган чыгармалардагы берилген маалыматтар биздин изилдөөдө кошумча булак катары пайдаланылды.

*"Изилдөөнүн методологиясы жана ыкмалары"* экинчи баптын үчүнчү *бөлүмүн* түздү. Изилдөөдө этнографиялык, этносоциологиялык маалыматтарды жана жарыкка чыккан баяндамаларды илимий талдоого алууда эки методологиялык ыкма (*метод*) пайдаланылды: талаа этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтарды топтоонун (*байкоо жүргүзүү, аңгемелешип сурап иликтөө, суроо-жооп иретинде баяндамаларды жүргүзүү, сурамжылоочу кагазды толтуруу, эскини калыбына келтирүү*) ыкмалары жана илимий талдоого алынчу баяндамаларды, маалыматтарды жазуунун *методологиялык* (*чогултулган материалдарды жазууда тарыхый бурмалоодон алыс болуп, чыныгый айкындуулукту сактоо, этнографиялык, этносоциологиялык маалыматтарга структуралык, типологиялык, салыштырмалык жана функционалдык туура талдоо жүргүзүү*) ыкмалары.

Диссертациянын **“Кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө социалдык, экономикалык, маданий жана этнос аралык жүрүмдөрдүн (*процесстердин*) тийгизген таасири”** деп аталган үчүнчү бабы үч бөлүмгө бөлүнгөн. Биринчи бөлүм “*Совет доорундагы чарбалык, агрардык, социалдык кайра жаңылануулар жана кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты”* деп аталып, Чүй жана Талас аймактарынын изилденген кыштактарында чогултулган даректүү этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде чарбалык, агрардык, социалдык кайра жаңылануулардын тамак-аш маданиятына тийгизген таасирлери тастыкталды.

Изилденген аймактарда жашаган кыргыздардын басымдуу бөлүгү XX кылымдын 20-30-жылдарында көчмөн жана жарым көчмөн мал чарбачылыгында иштешкен. Ушул мезгилде жашаган карапайым кыргыз үй-бүлөлөрү байларга, молдолорго, феодалдарга болгон чарбалык жана туугандык көз карандылыгы басымдуулук кылгандыктан, айыл чарбасында биргелешип чогуу иштөө, жаңы биргелешкен чарбага өтүү иштери кыйынчылыктарды туудурган.

Чүй жана Талас өрөөндөрүндө 1920-жылдардын ортосунда өткөрүлгөн жер-суу реформасынын негизинде совет бийлигинин жергиликтүү административдик башкаруу органдары көчмөн жана жарым көчмөн кыргыздарга каржылык, материалдык, эмгек куралдары менен жабдуу иштери боюнча колдоолорду, убактылуу салыктардан бошотуу иштерин жана социалдык багыттагы ыңгайлуу шарттарды түзүшсө да, алар үчүн жаңы социалисттик өндүрүш мамилелерине тез арада өтүү, башка улуттагы элдер менен бир кыштакта отурукташып жашоо абдан чоң кыйынчылыктарды жараткан.

XX кылымдын 20-жылдарынын экинчи жарымынан тартып аталган өрөөндөрдө көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз үй-бүлөлөрүн отурукташтырууга өткөрүүдө аларга ыңгайлуу акча каражат насыяларынын төмөнкү пайыздагы жеңилдетилген түрдө берилиши (*Чүй аймагында 3 жылга, Талас аймагында 5 жылга чейинки мөөнөттө*), мамлекет тарабынан өздүк чарбанын ар бир түтүнүнө 30 сотыхтан кем эмес айдоочу сугат жерлеринин, колунда жок кедей чарбаларга дан жана жашылча өсүмдүктөрүнүн үрөөндөрүнүн бекер берилиши, туруктуу турак жай куруу үчүн курулуш материалдарынын төмөнкү баада кара малга (*койго, эчкиге*) алмашылышы жана жаңыдан түзүлүүнүн багытындагы артелдерге, коммуналарга, коллективдүү чарбаларга мүчө болуп кирген кыргыз үй-бүлөсүнүн түтүндөрүнө бекер пайдаланууга айыл чарба техникалары (*трактор, тырмоо, атка же эшекке чегилген араба*) менен камсыз болушу жергиликтүү кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын акырындык менен өнүгүшүнө ийгиликтүү таасирлерин тийгизген.

Совет бийлигинин жергиликтүү башкаруу органдары тарабынан кыштактарда жашаган кыргыздардын арасында уюшулган артелдерге, коммуналарга, кооперативдерге, коллективдүү чарбаларга, “Кошчу”, “Батрак” деп аталган

жерди биргелешип иштетүү уюмдарына биригиши, салттуу тамак-аштын комплексинде уруулук, аймактык өзгөчөлүктөрдүн жоюлушуна ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

Изилденген эки өрөөндүн кыштактарында XX кылымдын 20-40-жылдарында кыргыздардын социалдык топторунун (*кедейлер, кембагалдар, жатактар, мардикерлер, чайрикерлер, малчылар, орто материалдык деңгээлдеги малчылар, дыйкандар, орто деңгээлдеги дыйкандар, жазууну окуй билген айыл кызматчылары, молдолор, эшендер, калпалар, байлар*) арасында тамак-аштын курамдык бөлүктөрүндө айырмачылыктар байкалган. Малга бай кыргыз үй-бүлөлөрүндө буудайдын унунан жасалган майлуу токочтор, казанга малдын майына бышырылган нандар, боорсоктор колдонулса, орто деңгээлдеги кыргыз үй-бүлөлөрүндө буудай менен арпанын ундарынан аралаштырылып жасалган калама, токоч, жупка колдонулган. Кедей кыргыз үй-бүлөлөрүндө арпанын, жүгөрүнүн ундарынан жасалган көмкөрмө токоч, чокко кактап бышырылган нан, чабаты пайдаланылган.

1950-жылдардын ортосунан кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-ашында социалдык мааниге ээ болгон айырмачылыктар жоюлуунун баскычына түшүп, 1920-1930-жылдардагы оокаттуу бай адамдар күнүмдүк тамактануусунда колдонушкан тамактар кыштак дыйкандарынын басымдуу бөлүгүнө тиешелүү боло баштаган.

1970-1990-жылдарда Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде өткөрүлгөн агротехникалык, технологиялык жана турмуш-тиричилик багытындагы жаңылануулар кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятын байытууга ыңгайлуу шарттарды түздү. Изилденген кыштактарда мурунку мезгилдерге салыштырмалуу социалдык өзгөчөлүктөргө ээ болгон тамак-аштын түрлөрү (*суюк кесме, палоо, куурулган кесме, куурулган балык, куурулган картошка, борщ, манты, оромо* ж.б.) жалпы элдин арасында тараган.

Үчүнчү баптын *“Маданий жана этнос аралык жүрүмдөрдүн кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген таасири”* деп аталган экинчи бөлүмүндө каралган материалдар өз ичинен экиге бөлүнгөн. Биринчи бөлүгүндө *маданий жүрүмдөрдүн* кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятына тийгизген таасирлери чагылдырылган.

Совет бийлигинин алгачкы жылдарынан көчмөн жана жарым көчмөн кыргыз дыйкандарын жаңы өндүрүштүк мамилеге тартуу максатында бийлик органдары маданий багыттагы иштерин “Кызыл боз үйлөр”, тамга таануу, тракторду башкаруу боюнча үч айлык, алты айлык курстар аркылуу кыштак жерлеринде жүргүзө баштаган. Отурукташууга өтүп жаткан түрдүү уруулардын (*сарыбагыш, солто, кытай, кушчу, саруу, азык, кыпчак*) мүчөлөрүнүн ортосунда маданий, анын ичинде тамак-аш байланыштары күч алган. Тамак-аш азыктарынын курамдык бөлүктөрү жана тамак-аштын түрлөрү боюнча бири-биринен

айырмаланган уруулардын ортосундагы айырмачылыктар жоголуу жүрүмүнө туш болгон.

XX кылымдын 20-жылдарынын ортосунан тартып Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн түздүктүү жана бөксө тоолуу аймактарында жайгашкан туруктуу кыштактарда жашаган кыргыздар күндүзү шаарлардын (*Кемин, Токмок, Кант, Бишкек, Кара-Балта, Талас, Маймак*) курулуштарында, өнөр-жай цехтеринде жана башка уюмдарда иштешип, кайра өзүлөрүнүн туруктуу кыштактарына кайтып келгендердин саны көбөйгөн. Шаарлардын ишканаларында иштөөдө кыргыздар түрдүү улуттагы адамдар жана шаардыктар менен чарбалык, социалдык, маданий маселелерди жана үрп-адат, каада-салттар жөнүндө аңгемелешүүлөрдү өткөрүшкөн. Мындай аңгемелешүүлөрдүн натыйжасында кыргыздар акырындык менен башка элдердин жана шаардыктардын материалдык, руханий маданиятынын, шаардык жашоонун, коомдо алып жүрүүнүн кээ бир элементтерин жана эрежелерин кабыл алышкан. Мындай элементтер жана эрежелер акырындык менен өзү жашаган кыштактын жашоочуларынын арасында тарай баштаган.

XX кылымдын 20-40-жылдарында изилденген кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн салттуу тамак-ашына өзүлөрүнө кошуна жайгашкан же чогуу бир эл жашоочу пунктта жашаган башка элдик же улуттук бирикмелердин тамак-ашынын же азык заттарынын таасири өтө төмөнкү деңгээлде байкалган.

Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнө Россиянын, Украинанын, Белоруссиянын жана Түндүк Кавказдын фронтко жакыныраак жайгашкан райондорунан жеңил өнөр жайына тиешелүү, жергиликтүү азыктарды кайра иштетип чыгаруучу комбинаттар жана аларды иштетүүчү көп этностуу жамааттын мүчөлөрү көчүрүлүп келинген. Мындай иш-аракеттин жыйынтыгында кыргыз үй-бүлөлөрү менен СССРдин башка элдеринин ортосунда байланыштарга, жакындашууларга (*анын ичинде тамак-ашындагы*) ыңгайлуу шарттар түзүлгөн.

Изилденген кыштактарда жашаган кыргыздардын арасында 1950-жылдардын экинчи жарымынан тартып “шаар”, “шаардык маданият”, “шаардык тамак-аш” сыяктуу терминдер кенениреэк тараган.

Кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятына дини бир түрк тилинде сүйлөгөн казактардын, татарлардын, башкырлардын таасирлери күчтүрөөк болгон.

XX кылымдын 60–90-жылдарында ички улут аралык мамилелердин Чүй жана Талас аймактарында чыңдалышы, кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын андан-ары өсүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн. Ушул мезгилде азык-түлүктөрдүн курамы, калориялуулугу, кубаты, түрлөрү, тамак ичүүнүн

эрежелери, салттык тамактар менен жаңы тамактардын ортосундагы байланыштар чыңдалган.

XX кылымдын 60–90-жылдарында изилденген кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында салттуу тамактар менен катар шаарларда жашаган башка этностордун, шаарлардагы тамак ичүүчү жайлардын тамактары жана тамак ичүүдөгү шаардык эрежелер кененирээк тараган.

Үчүнчү бөлүм *“Кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданияты: тамактануу үлгүсү (модели) жана тамактануу системасы”* деп аталып, өз ичинен эки бөлүккө бөлүнгөн.

Бөлүмдүн биринчи бөлүмчөсүндө “модель” деген түшүнүккө төмөндөгүдөй аныктама берилди – “модель” деген сөздүн уңгусун тамак жасоого керектелүүчү муздак, ысык, майдаланган данек багытындагы табыгый түрүндө жасалган чийки, бышпаган, куурулбаган, кайнатылбаган азыктардын курамдык үлгүсү.

XX кылымдын биринчи жарымында жарым көчмөнчүлүк багытындагы мал чарбачылыгы, анын ичинде кой чарбачылыгы менен кесип кылган Чүй аймагынын тоолуу кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында *эт-сүт-дан*, бөксө тоолуу кыштактарында - *сүт-эт-дан,* түздүктүү аймактарында - *дан-сүт-эт* үлгүлөрү басымдуулук кылса, Талас өрөөнүнүн тоолуу кыштактарында *эт-сүт-дан,* бөксө тоолуу жерлеринде - *сүт-эт-дан*, түздүктүү аймактарында - *дан-сүт-эт* үлгүлөрү негизги орунду ээлеген. Демек, изилденген өрөөндөрдө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамактануу үлгүсү 1920-1960-жылдары курамдык компоненттери боюнча окшош болгон.

1960-1990-жылдарда Чүй аймагында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш үлгүсүндө негизинен *жашылча-дан-эт* багытындагы азыктар, ал эми Талас өрөөнүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүндө *дан-эт-жашылча* багытындагы азыктар үстөмдүк кылган.

Бул баптын *“Кыргыз үй-бүлөсүнүн тамактануу системасы: эт, сүт, дан, жашылча, жемиш багытындагы тамактары”* деп аталган экинчи бөлүмчөсүндө Чүй жана Талас өрөөндөрүндө байырлаган кыргыздардын материалдык байлыгынын ичинен эң туруктуусу жана узак мөөнөткө сакталганы – тамак-аш маданияты экендиги далилденген.

Чүй жана Талас өрөөндөрүндө совет бийлиги орногон мезгилден тартып, колхоздоштуруу толугу менен жеңип чыккан мезгилге чейин кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамактануу маданиятында кыргыз кыштактарынын бийик тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү аймактарда жайгашуусуна карабастан эт жана сүт багытындагы азык-түлүктөрдөн жасалган салттуу тамактар үстөмдүк кылган.

Чүйлүк жана таластык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамактануу маданиятынын кийинки баскычы Улуу Ата Мекендик согуш башталган мезгилден 1960-

жылдарга чейинки убакытты өз кучагына алган. Бул мезгилде Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятында унутулуп бара жаткан салттуу тамак-аштардын жандандыруулары байкалып, эт жана сүт багытындагы тамак-аштардын азайышы менен мүнөздөлүнүп, талкаланбаган (*майдаланбаган*) дан азыктары ар түрдүү тамактарды даярдоого колдонула баштаган.

Чүй жана Талас аймактарындагы изилденген кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш системасында мурунку баскычтарга салыштырганда барандуу өзгөрүүлөр 1960-жылдардын ортосунан 1990-жылдардын башына чейин болуп өттү. Аталган мезгилде тамак-ашка тиешелүү мезгилдик өзгөчөлүктөр толугу менен жоюлуп, эт жана камыр азыктары кошулган кээ бир ысык тамактарды (*шалдама гүлчөтай, челпек гүлчөтай*) жасоодо аймактык айырмачылыктар сакталган. Чүй өрөөнүнүн ири шаарларга (*Бишкек, Токмок, Кара-Балта*) жакын жайгашкан кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн кээ бирлеринде союлган койдун этинен салттуу устукандарды чыгаруу тартиби жоюлуп бара жаткандыгы байкалат; изилденген кыштактарда кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүүсүнө жаңы чарбалык багыттар (*жемиш өстүрүүчүлүк, багбанчылык, балыкчылык, балчылык*), шаарларда басымдуулук кылган тамактардын түрлөрү (*кууурулган балык, үй шартында торттордү жана кондитер азыктарын даярдоо*) жана коңшулаш жашаган элдердин тамак-аш маданияты жетишеерлик деңгээлде таасирлерин тийгизген.

Илимий иштин төртүнчү бабы **“Кыргыз үй-бүлөсүнүн тамактануу аземинин (*трапезасынын*) түрлөрү”** деп аталып, эки бөлүмгө бөлүнгөн. Биринчи бөлүм *“Үй-бүлөлүк деңгээлдеги тамактануу аземи жана анын Чүй, Талас аймактарындагы салыштырма түрлөрү”* деп аталган.

Түздөн-түз сунушталган бөлүмгө керектүү этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтарды изилдөөнүн алдында “тамак ичүү аземи” деген терминге этнографиялык мүнөздөмө берилип, анын социалдык функциясына жараша эки классификациялык ыкмада илимий талдоо жүргүзүлдү.

Биринчи классификациялык ыкманын негизин тамак-аштын өзү түзсө, анын классификациялык белгилери тамак-аш кимдерге даярдалган жана анын маанилик маңызы (*семантикасы*) эмнеден тургандыгы аркылуу түшүндүрүлгөн. Мындай классификациялык бөлүнүүлөрдүн негизинде кыргыз үй-бүлөлөрүнүн жалпы тамак-ашы төмөндөгүдөй түрлөргө бөлүнгөн: тамактанууну белгиленген, туура тартип боюнча даяр тамактарды берүү эрежесине, белгилүү убакытта берилүүчү азыктардын өлчөмүнө, тамактануунун калыптанган тартибине, үй-бүлөнүн мүчөлөрү тамактануучу “күнүмдүк тамак-аш” (*повседневная пища*), “майрамдык тамак-аш” (*праздничная пища*), “үйлөнүү тоюн-

дагы тамак-аш” (*свадебная пища*), “түлөө өткөрүүдөгү тамак-аш”, “адамдын өмүрүнө байланышкан аза күтүү тамак-ашы” (*поминальная пища*).

Экинчи классификациялык ыкмада нукура тамак-аштын өзү негизги социалдык квалификациялык бүтүндүк катары каралбастан, даяр болгон тамак-ашты кабыл алуудагы тамактануунун ыкмаларына талдоо жүргүзүлгөн.

Жогоруда талдоого алынган квалификациялык топтордун негизинде тамактануу аземи төмөндөгүдөй татаалыраак бөлүктөргө бөлүнгөн: күнүмдүк тамактануу – эртең мененки тамактануу, түшкү тамактануу, кечки тамактануу; өкүм сүргөн абалга карап тамактануу - үйдөгү тамактануу, кой тууттагы же сакмандагы тамактануу, коомдук иштерди аткаруудагы талаадагы тамактануу (*полевой стан*), кыркындагы тамактануу, эмгек күнүнө арналган коомдук тамактануу; мааниси же кадыр-баркы менен тамактануу – майрамдык тамактануу, үрп-адат салты боюнча тамактануу. Тамактануунун негизги көрсөткүчтөрү - ага катышкан адамдардын саны, тамактанууну уюштурган адамдын социалдык абалы жана тамактанууа катышкандарга сунушталган тамактардын материалдык курамы болуп саналган.

Окурмандарга түшүнүктүү болуш үчүн үй-бүлөнүн мүчөлөрү ичүүчү “күнүмдүк тамак-аш”, “майрамдык тамак-аш”, “тойлордо ичүүлчү тамак-аш”, “адамдын өмүрүнө байланышкан аза күтүү тамак-ашы”, “ырым-жырым тамак-аштары”, “салттуу үрп-адат тамак-аштары (*эскиден адат катарында калган*)”, “үйдөгү тамактануу”, “коомдук талаа жумуштарын аткаруудагы тамактануу” сыяктуу этнографиялык терминдерге, түшүндүрмөлөргө кыскача мүнөздөмө берилди.

Үй-бүлөлүк тамактануунун төмөндөгүдөй түрлөрү аныкталып - эртең мененки тамактануу, түшкү тамактануу жана кечки тамактануу, аларда колдонулуучу азыктардын курамдык бөлүктөрүнүн окшоштуктары жана өзгөчөлүктөрү Чүй жана Талас аймактарынын тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында топтолунган даректүү этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде илимий талдоого алынды.

Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн изилденген кыштактарында ысык тамактын, муздак тамактын, мүнөз тамактын, жылымык тамактын, жеңил тамактын, чүйгүн тамактын жана гүл азыктын курамына кандай азык-түлүктөр жана тамактар кирери талаа этнографиялык жана этносоциологиялык баяндамаларынын негизинде тастыкталды.

Төртүнчү баптын экинчи бөлүмү “*Коомдук жөрөлгөлөр маалындагы тамактануу аземинин түрлөрү*” деп аталып, “коомдук тамак ичүү” деген терминге аныктама берилди.

Изилдөөдө Чүй жана Талас аймактарынын тоолуу, бөксө тоолуу жана түздүктүү кыштактарында совет мезгилинде коомдук тамактануу жүрүмдөрүнүн

жалпылыктарын, аймактык айырмачылыктарын, түзүлүшүнүн структуралык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракеттер жасалды.

Коомдук тамактануу жөрөлгөлөрү төмөндөгүлөргө бөлүндү – майрамдык тамактануу (*жаңы жылды тосуу, советтик армиянын, аялдардын 8-март, эл аралык тилектештиктин 1-май, советтик армиянын Улуу Ата мекендик согуштагы жана Улуу Октябрь социалисттик революциясынын жеңиш күндөрүн белгилөө*), адам баласынын турмушунда кезигүүчү салтанаттуу тойлордогу тамак-аш (*жентек той, бешик той, тушоо кесүү, сүннөт той, үйлөнүү той, үй той, дипломду куттуктоо тою*), адамдын өмүрүнө байланышкан ритуалдык үрп-адаттардагы, "жаманчылыктардагы" тамак-аш (*адам каза болгондо өткөрүлчү кара аш азыктары, үчүлүк, жетилик, кырк ашын, жылдык ашын өткөрүүдөгү тамак-аш*), үй-бүлөлүк ырымдардагы тамак-аш (*орто мектепти, атайын орто же жогорку окуу жайын аяктоо, он сегиз жашка чыгуу, атуул катары паспорт алуу*); салттуу ритуалдык үрп-адаттарды өткөрүүдөгү тамак-аш (*бешик той, жентек той, тушоо кесүү, сүннөт той*), расмий (*юбилейлик*) маарекелерди (*25 жаштык той, 50 жаштык той, 60 жаштык той, 25 жылдык үйлөнүү тою, 50 жылдык үйлөнүү тою*), жашоо-турмушка байланышкан ырымдарды, түлөөлөрдү (советтик *армияга узатуу түлөсү, советтик армиядан кайтып келүү түлөөсү, катуу оорудан сакайып чыгуу түлөөсү, кырсыктан аман калган учурларда өткөрүлүүчү түлөө, жаз чыкканда түшүмдүн молдугун тилеп өткөрүлүүчү түлөө, жаратылыш кырсыктарынан аман-эсен чыккандыгына байланыштуу түлөө*), коомдук чарбалык жумуштарды аткаруудагы тамактануу (*сакмандагы коомдук тамактануу, талаадагы коомдук чарбалык жумуштарды аткаруудагы тамактануу*), өкмөт тарабынан расмий (*официалдуу*) түрдө кабыл алынган балык күнү жана балык азыктарынан жасалган тамактарга бөлүнгөндүгү даректүү этнографиялык маалыматтар менен тастыкталган.

Коомдук тамактануу аземинин жалпылыктарын, аймактык айырмачылыктарын, түзүлүшүнүн структуралык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүдө бийик тоолуу Кароол-Дөбө (*Чүй өрөөнү*) жана Көк-Сай (*Талас өрөөнү*) кыштактарында 1930-1940-жылдары өткөрүлгөн "*тойчуктун*" (*үйлөнүү тою*), түздүктүү аймактарда жайгашкан Жаңы-Алыш (*Чүй өрөөнү*) жана Суулу-Маймак (*Талас өрөөнү*) кыштактарында 1942-1943-жылдарда (*Улуу Ата Мекендик согуштун мезгилинде*) Ата Мекенди коргоого тартылган (*мобилизацияланган*) кыргыз жигиттеринин каза болгондугу, Бейшеке (*Чүй аймагы*), Бакайыр (*Талас өрөөнү*) кыштактарында 1950-1960-жылдарда өткөрүлгөн адамдын турмушундагы "жаманчылыкты" (*үчүлүк, жетилик, кырк ашы, жылдык ашы*), бийик тоолуу Көк-Сай (*Талас өрөөнү*), Кароол-Дөбө (*Чүй өрөөнү*) кыштактарында 1960-1970-жылдардын аралыгында "аскерге узатууну", Суулу-Маймак, Жаңы-Алыш

кыштактарында 1980-1990-жылдары өткөрүлгөн "тушоо кесүү", "сүннөт той" коомдук тамак ичүү аземдери аркылуу тастыктоого аракеттер жасалды.

Жогоруда аталган коомдук тамактануу аземдерин өткөрүүдө эки өрөөндүн изилденген кыштактарында тамак азыктарын пайдаланууда, даяр тамактарды конокторго берүүдө айырмачылыктар байкалган.

Этносоциологиялык сурамжылоонун негизинде үй-бүлөлүк тамактанууда салттуу тамактардын колдонулушу, кайсы мезгилден багбанчылыктын, жашылча өстүрүүчүлүктүн, үй канаттууларын багуунун, аарычылыктын жана балыкчылыктын таралгандыгы тууралуу маалыматтар тастыкталды.

Чүй аймагынын түздүктүү Жаңы-Алыш кыштагында топтолгон этнографиялык маалыматтарга караганда тоолуу жана бөксө тоолуу кыштактарда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнөн айырмаланып, өткөн кылымдын 1980-1990-жылдарында жергиликтүү кыргыз тургундары айрым салттуу адаттарга жана ырым-жөрөлгөлөргө анчейин маани бербей калгандыгы аныкталды.

**Корутунду**

Совет бийлигинин мезгилинде (*1917-1991-жж.*) Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн коомдук турмушу, маданияты, күнүмдүк жана көп эл катышкан салтанаттарда өткөрүлчү каада-салты, үрп-адаты, ырымдары өзгөрүүлөргө дуушар болгондугу даректүү этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде иш жүзүнө ашкандыгы көрсөтүлдү.

Аталган фундаменталдык көйгөй кыргыз этнографиясында бүгүнкү күнгө чейин комплекстүү этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде илимий изилдөөнүн айлампасына түшкөн эмес.

Сунушталган изилдөөдө совет мезгилинде Чүй жана Талас өрөөндөрүнүн аймактарынын деңиз деңгээлинен түрдүү бийиктикте жайгашкан кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүүсү даректүү этнографиялык жана этносоциологиялык баяндамаларынын негизинде илимий талдоого алынды.

Аткарылган илимий изилдөөдө төмөндөгүдөй *жыйынтыктар* чыгарылды:

1. Чүй жана Талас аймактарындагы кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятынын 1920-1940-жылдардагы өнүгүшүнө чарбалык, агрардык, социалдык жана маданий кайра жаңылануларды жүргүзүүдө совет бийлиги тарабынан чыгарылган жоболор, көрсөтмөлөр кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө таасир берүүчү күч катары колдонулган;

2. агрардык мамилелердеги кайра жаңылануунун негизгиси коомдук чарбанын жаңы түрлөрүнүн – сугат дыйканчылыгынын, жашылча, жемиш өстүрүүчүлүктүн, багбанчылыктын пайда болушу менен жаңы аталыштагы жа-

шылчалардын, өсүмдүктөрдүн кыргыз үй-бүлөсүнүн тамак-ашында тарай баш-ташы;

1950-1960-жылдардын арасында жүргүзүлгөн айыл-чарба реформалары Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде жашашкан кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзүп, анын курамындагы аймактык же уруулук айырмачылыктар, өзгөчөлүктөр жана тамак-аштын мезгилдик (*сезондук*) мүнөзү жоголуп, мамлекеттик азык-түлүк дүкөндөрүнөн (*магазиндердин*) сатылган азык заттары кыштак тургундарынын арасына тарап, жаңы кабыл алынган тамак-аштардын тарашына ыңгайлуу шарттар түзүлгөн;

3. 1970-1990-жылдардын аралыгында изилденген аймактарда айыл чарба өндүрүшүнүн технологиясы татаалдап, кыштак тургундарынын тамак-ашында жашылча, жемиш, түрдүү мөмөлөр басымдуу орунду ээлей баштаган;

4. чүйлүк жана таластык кыргыздардын тамак-аш маданиятынын 1960-1991-жылдардагы өнүгүүсүндө *дан-сүт-эт-жашылча* азыктары басымдуулук кылган;

5. кыргыз этнографиясында алгачкы жолу чүйлүк жана таластык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятындагы үй-бүлөлүк тамактануу жана анын Чүй, Талас аймактарындагы салыштырма түрлөрү, коомдук тамактануу жана анын өзгөчөлүктөрү тастыкталды;

6. коомдук тамактанууда колдонгон азыктарынын түрлөрүн тастыктоо максатында тоолуу аймактарда жайгашкан Кароол-Дөбө (*Чүй өрөөнү*), Көк-Сай (*Талас өрөөнү*) кыштактарында XX кылымдын 30-40-жылдарында өткөрүлгөн “тойчук”, 60-жылдардын аралыгында – “аскерге узатуу”, бөксө тоолуу Бейшеке (*Чүй өрөөнү*), Бакайыр (*Талас өрөөнү*) кыштактарында 50-жылдарда өткөрүлгөн “аш”, 70-80-жылдарында – “тушоо кесүү”, түздүктүү аймактарда жайгашкан Жаңы-Алыш (*Чүй өрөөнү*), Суулу-Маймак (*Талас өрөөнү*) кыштактарында 40-жылдарынын ортосунда өткөрүлгөн “кара кагаз”, 80-90-жылдарда – “сүннөт той” маарекелерине келген меймандарга берилген тамак азыктарын салыштыруу аркылуу эки өрөөндүн бири-биринен айырмаланган өзгөчөлүктөрү, жалпычылыктары (*окшоштуктары*) илимий талдоого алынды.

**Практикалык сунуштар:**

1. Кыргызстандын Улуттук илимдер академиясынын Б. Жамгырчинов

атындагы Тарых, археология жана этнология институтунун “Этнология жана археология” бөлүмүндө иштеген илимий кызматкерлердин республиканын аймактарына кыргыз элинин салттуу жана азыркы тамак-аш маданиятын изилдөө боюнча экспедицияларды уюштуруу;

2. Жогорку жана атайын окуу жайларынын окуу программаларына кыргыздын салттык жана азыркы тамак-ашы тууралуу атайын тандоо курстарын киргизүү;

3. Совет мезгилинде өкүм сүргөн кыштак жерлеринде жашаган кыргыздардын салттуу тамак-ашынын түрлөрүнүн өнүгүшүнө чек койбоо;

4. Жети административдик облустук бөлүнүүлөргө дуушар болгон кыргыздардын салттуу жана азыркы тамак-ашы тууралуу фундаменталдык этнографиялык жана маданий таануучулук маанисиндеги изилдөө иштерин жүргүзүү;

5. Массалык маалымат каражаттарында, радио уктурууда жана телевизордук берүүлөрдө аймактык тамак-аштын түрлөрүн жалпы окурмандарга жеткирүү үчүн кенен маалыматтарды жайылтуу.

**Диссертациянын темасы боюнча жарыяланган эмгектердин тизмеси:**

1. Куттубекова, В.М. Традиционная система питания кыргызов и её классификация [Текст] / В.М. Куттубекова // Известия КГТУ им. И. Раззакова. - 2007. - №11. - С. 241-244.

2. Куттубекова, В.М. “Тамак ичүү системасы” маданий таануу жана этнография илимдеринде (илимий теориялык багытта) [Текст] / В.М. Куттубекова // Кыргызстан тарыхынын маселелери. - 2009. - №2. - 80-84-бб.

3. Куттубекова, В.М. Кыргыздардын совет мезгилиндеги үйдө тамак ичүү системасы [Текст] / В.М. Куттубекова // Кыргызстан тарыхынын маселелери.- 2010. - №3. – 195-209-бб https://elibrary.ru/item.asp?id=29221364.

4. Куттубекова, В.М. Влияние номадизма на различные компоненты традиционной материальной культуры кыргызов [Текст] / В.М. Куттубекова // Известия вузов. - 2013. - №3. - С. 208 – 210. https://elibrary.ru/item.asp?id=25112968.

5. Куттубекова, В.М. Проблемы изучения системы питания кыргызов Таласской долины в советское время (на основе этносоциологических исследований) [Текст] / В.М. Куттубекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана.- 2015. - №3. - С. 169-172. https://elibrary.ru/item.asp?id=24080645.

6.Куттубекова, В.М. Общая характеристика культуры жизнеобеспечения кыргызов [Текст] / В.М. Куттубекова // Известия вузов Кыргызстана. - 2015. - №4. - С. 142-144. https://elibrary.ru/item.asp?id=24292821.

7. Куттубекова, В.М. Гостевая трапеза сельских кыргызов в советское время [Текст] / В.М. Куттубекова // Актуальные вопросы общественных наук: социология, политология, философия, история. - Новосибирск, 2015. - №56. - С. 49-57. https://elibrary.ru/item.asp?id=25010738.

8. Куттубекова, В.М. Социально-экономические аспекты этнокультурных процессов в среде кыргызского сельского населения в 20-40-е годы XX века (на примере Чуйской и Таласской долин) [Текст] / В.М. Куттубекова // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2016. - №5. - С. 152-155.

9. Куттубекова, В.М. Особенности системы питания кыргызов Чуйской долины в 20-40-е годы XX века [Текст] / В.М. Куттубекова // Проблемы современной науки и образования. – Иваново, 2016. - №21 (63). – С. 42-46. https://elibrary.ru/item.asp?id=26477098.

10. Куттубекова, В.М. Особенности питания кыргызской сельской семьи Чуйской и Таласской долин в 20-40-е годы XX века (на материалах этносоциологического исследования) [Текст] / В.М. Куттубекова // Социология и общество: социальное неравенство и социальная справедливость: материалы V Всероссийского социологического конгресса. - Секция №24. - Екатеринбург, 2016. - С. 7186-7197.

11. Куттубекова, В.М. Влияние урабанизационных процессов на изменение культуры питания кыргызской сельской семьи, проживающих на территории Чуйской и Таласской долин в советское время [Текст] / В.М. Куттубекова // Современные гуманитарные исследования. - М., 2017. - №4 (77). - С. 18-23. https://elibrary.ru/item.asp?id=30022111.

12. Куттубекова, В.М., Өмүрбеков, Ч.К. Талас жана Чүй өрөөндөрүндө XX кылымдын 20-40-жылдарында кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш

маданиятынын өнүгүшүнө демографиялык процесстердин тийгизген таасири [Текст] / В.М. Куттубекова, Ч.К. Өмүрбеков // Известия вузов. - 2018. - №1. - С. 164-167.. https://elibrary.ru/item.asp?id=35034235.

13. Куттубекова, В.М. Өмүрбеков, Ч.К Талас жана Чүй өрөөндөрүндө XX кылымдын 60-90-жылдарында айылда жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө демографиялык процесстердин тийгизген таасири) [Текст] / В.М. Куттубекова, Ч.К. Өмүрбеков // Вестник Кыргызстана. - 2018. - №1.- С. 28-33. https://elibrary.ru/item.asp?id=35156258.

14. Куттубекова, В.М., Өмүрбеков, Ч.К. Чүй жана Талас өрөөндөрүндө жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн XX кылымдын 20-50-жылдарындагы тамак-тануу үлгүсү (модели) [Текст] / В.М. Куттубекова, Ч.К. Өмүрбеков // И.Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. - 2019. - №3. - 7-14-бб. https://elibrary.ru/item.asp?id=42803662.

15. Куттубекова, В.М. Чүй өрөөнүндө XX кылымдын 20-40-жылдарында айылдык кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданиятынын өнүгүшүнө маданий жана калк аралык мамилелердин тийгизген таасири [Текст] / В.М. Куттубекова // Кыргыз Республикасындагы илимий изилдөөлөр. - 2020. - №4. – II бөлүм. - 28-37-бб.

16. Куттубекова, В.М. Общественная трапеза в системе питания кыргызской сельской семьи Таласской долины в 30-50-е годы XX века [Текст] / В.М. Куттубекова // Общество: Философия, история, культура - Краснодар, 2021. - №2 (82). - С. 63-67https://elibrary.ru/item.asp?id=44783168.

**Куттубекова Венера Мамбеталиевнанын “Кыргызстандын түндүк жана түндүк-батыш аймактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет доорундагы тамак-аш маданияты (этнографиялык жана этносоциологиялык материалдардын негизинде) деген темада 07.00.07- этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясынын**

**Р Е З Ю М Е С И**

**Түйүндүү сөздөр:** совет бийлиги, көчмөн чарбалар, агрардык, социалдык кайра жаңылануулар, уруулук, этностор аралык байланыштар, тамак-аш, тамак-аш азыктары, салттуу тамак-аш, башка элдердин тамак-ашы, шаардык тамак-аш, тамак-аш маданияты, тамак-аш системасы, тамактануу үлгүсү, тамактануу эрежеси.

**Диссертациянын негизги максаты** – Кыргызстандын Чүй жана Талас аймактарынын кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданиятын этнографиялык баяндамалардын жана этносоциологиялык сурамжылоонун негизинде изилдөө.

**Изилдөөнүн объектисин** Кыргызстандын Чүй облусунун Кемин районунун Кароол-Дөбө, Бейшеке, Жаңы-Алыш, Талас облусунун Кара-Буура районунун Көк-Сай, Бакайыр, Суулу-Маймак кыштактарында жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн тамак-аш маданияты түздү.

**Изилдөөнүн предметин** тамак-аш азыктарынын курамы, тамактануу системасы, тамактануу үлгүсү, тамактануу эрежеси, салттуу тамактардын сакталыш баскычы, башка элдердин тамактарынын пайда болушу жана тарашы түздү.

**Изилдөөнүн теориялык-методологиялык негизин** байкоо, аңгемелешүү, суроо-жооп иретинде баяндамаларды жүргүзүү, сапаттык, сандык, тарыхый айкындык мамиледе талдоо жүргүзүү жана этнографиялык этносоциологиялык сурап иликтөө ыкмалары түздү.

**Изилдөөнүн илимий жаңычылдыгы.** Сунушталган изилдөөдө кыргыз этнографиясында алгачкы жолу Чүй жана Талас аймактарынын кыштак жерлеринде жашаган кыргыз үй-бүлөлөрүнүн совет мезгилиндеги тамак-аш маданияты этнографиялык жана этносоциологиялык маалыматтардын негизинде илимий талдоого алынды.

Изилдөөнүн илимий-теориялык жана практикалык мааниси. Эмгекте чагылдырылган баяндамалар жана жыйынтыктар илимий ишканалардын изилдөөчүлөрү, аспиранттары тарабынан жүргүзүлчү этнография, этносоциология жана маданият таануу тармактарындагы изилдөөлөрүндө, жана окуу материалы катары мектептер менен жогорку окуу жайларында «Мекен таануу», «Ата Мекендин тарыхы», «Адеп», «Кыргыз элинин маданияты», «Кыргыз таануу», «Кыргыз этнографиясы» сабактарын өтүүдө колдонула алат. Андан тышкары алар ашпоз адистерди даярдаган атайын орто жана ЖОЖдордо кыргыз тамак-аш маданияты жөнүндө атайын курстарды, жана ошондой эле, этнография боюнча окутуу-усулдук колдонмолорду, дарстарды даярдоодо пайдаланылышы мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** Негизги жыйынтыктарды кыргыз элинин улуттук тамак – аш маданиятын калыптандырууда жана өнүктүрүүдө колдонууга болот.

# Р Е З Ю М Е

**диссертации Куттубековой Венеры Мамбеталиевны на тему: “Культура питания кыргызских семей проживавших в северном и северо-западном Кыргызстане в советский период (на основе этнографических и этносоциологических материалов) на соискание ученой степени кандидата исторических наук по специальности 07.00.07. - этнография, этнология и антропология**

**Ключевые слова:** советская власть, кочевые хозяйства, аграрные, социальные преобразования, родовые, межэтнические связи, пища, пищевые продукты, традиционная пища, пища других народов, городская пища, культура питания, система питания, модель питания, этикет питания.

**Основная задача диссертации** - исследование культуры питания кыргызских сельских семей Чуйской и Таласской долин Кыргызстана в советское время на основе собранных этнографических и этносоциологических материалов.

**Объектом исследования** являлась культура питания кыргызских сельских семей, проживающих в селениях Кароол-Добе, Бейшеке, Джаны-Алыш Кеминского района Чуйской области и селениях Кок-Сай, Бакайыр, Суулу-Маймак Кара-Бууринского района Таласской области Кыргызстана.

**Предметом исследования** являлись культура питания, система питания, модель питания, этикет питания, состав продуктов питания, степень сохраненности традиционной пищи, появление и распространение инонациональной пищи.

**Теоретико-методологической основой исследования** послужили беседа с сельскими информаторами, наблюдение, интервью, анкетный опрос, *качественный*, количественный, четкий конкретный исторический анализ собранных полевых этнографических и этносоциологических материалов.

**Научная новизна исследования** заключается в том, что в предлагаемом исследовании впервые в этнографической и этносоциологической науке Кыргызстана анализируется культура питания кыргызской сельской семьи Чуйской и Таласской долин в советское время.

**Научно-теоретическая и практическая значимость исследования.** Отраженные в работе материалы и итоги могут быть использованы в исследованиях научных работников, аспирантов, и в качестве учебного материала при проведении занятий в средних общеобразовательных школах и высших учебных заведениях по учебным дисциплинам «Родиноведение», «Отечественная история», «Адеп» (“Нравственное воспитание”), «Культура кыргызского народа», «Кыргызоведение», «Этнография кыргызов». Кроме этого они могут использоваться при подготовке специалистов кулинаров общественного питания в средне-специальных и высших учебных заведениях при подготовке специального курса, связанного с культурой питания кыргызов, а также при подготовке учебно-методических пособий и лекций по этнографии.

**Область применения:** Основные выводы можно использовать в становлении и развитии кыргызской национальной культуры питания.

**SUMMARY**

**of the dissertation by Venera Kuttubekova on the topic: "Food Culture of Kyrgyz Rural Families Lived in Northern and Northwestern Kyrgyzstan During the Soviet Era (Based on the Ethnographic and Ethnic-Sociological Materials) for the acquisition of the scholarly degree of Candidate of Historical Sciences in the specialty 07.00.07. - Ethnography, Ethnology and Anthropology**

**Key words:** Soviet power, nomadic farms, agrarian, social transformations, tribal, inter-ethnic ties, food, traditional food, food of other peoples, urban public relations, food culture, food system, food model, food etiquette.

**The main task** of the dissertation is study of the food culture of Kyrgyz rural families in the Chui and Talas valleys of Kyrgyzstan during the Soviet era, based upon the collected ethnographic and ethnic-sociological materials.

**The object** of the study is the food culture of the Kyrgyz rural families lived in the villages of Karool-Dobe, Beysheke, Dzhany-Alysh of Kemin region in the Chui region and the villages Kok-Sai, Bakayir. Suulu-Maimak, Kara-Buura district in the Talas region of Kyrgyzstan.

**The subject** of this research is the food culture, food system, food model, food etiquette, food composition, the degree of preservation of traditional food, the emergence and distribution of foreign food.

**The theoretical and methodological basis** of the study were the interviews with rural informants, an observation, an interview, a questionnaire survey, a qualitative, quantitative, clear-cut concrete historical analysis of the collected field ethnographic and ethno-social materials.

**The scientific novelty** of the research lies in the fact that in the proposed research, for the first time in the ethnographic and ethnic-sociological science of Kyrgyzstan, the food culture of the Kyrgyz rural families of the Chui and Talas valleys in Soviet times has been analyzed.

**Scientific, theoretical and practical significance of the research.** The materials and results reflected in the dissertation can be used in the research of scholars, graduate students, and as educational material when conducting classes in secondary schools and higher educational institutions in the academic disciplines "Homeland Studies", "Kyrgyzstan History", "Adep" ("Moral Education"), “Culture of the Kyrgyz People”, “Kyrgyz Studies”, “Ethnography of the Kyrgyz”.

In addition, they can be used in the preparation of food service culinary specialists in secondary specialized and higher educational institutions in the preparation of a special course related to the food culture of the Kyrgyz, as well as in the preparation of teaching aids and lectures on the ethnography.

**Seope of research work:** The main conclusions can be used in the formation and development of the Kyrgyz national food culture.

Форматы 60×84/16. Офсет кагазы
Көлөмү 1,5 п.л., Нускасы 50 экз.

ЖИ «Сарыбаев Т.Т.»
Бишкек ш., Раззаков к., 49
Тел.: +996 708 058 368